DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2021

*Эрматова А.Ж.*

# «ЭР ТӨШТҮК» ЭПОСУНДАГЫ ЧУК ТЕРЕКТИН «ААЛАМ ДАРАГЫ» КАТАРЫ БЕРИЛИШИНДЕГИ СЮЖЕТТИК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР

*Эрматова А.Ж.*

# СЮЖЕТНЫЕ ОСОБЕННОСТИ ПЕРЕДАЧИ «ЧУК-ТЕРЕК» КАК «ДРЕВО ВСЕЛЕННОЙ» В ЭПОСЕ «ЭР ТӨШТҮК»

*A. Ermatova*

# PLOT FEATURES IN THE DESCRIPTION OF CHUKTEREK AS A «TREE OF THE UNIVERSE» IN THE EPIC «ER TOSHTUK»

*УДК: 398.22*

*Макалада «Эр Төштүк» эпосундагы Чук-Теректин «Аалам дарагы» катары образын сюжетти өнүктүрүүдөгү ордун талдоо аркылуу көрсөтүп берүү каралган. «Аалам дарагы» дүйнөлүк фольклордо кездешүүчү объект катары кыргыз оозеки чыгармачылыгында кенири кездешүүчү, анын ичинде «Эр Төштүк» эпосундагы Чук-Теректи «Ыйыйк дарак» катары анализдөөгө алуу менен талдоого алынып, дүйнөлүк фольклордо «Аалам дарагы» боюнча изилдөө жүргүзгөн илимпоздордун изилдөөлөрүнө басым жасоо менен салыштырылып, «Ыйык дарак» катары Чук-Теректин орду, ролу чоңдугун көрсөтүүгө аракет жасалды. Эпосто Чук-Теректин балалуу боло албай жүргөн Эламандын сыйынуу «Ыйык дарагы» катары берилишин илимпоз А.Мурзакметовдун изилдөөсү менен салыштырып, чечмелеп берүүгө аракет кылынды. Ошондой эле дүйнөлүк илимпоздор Э.Б. Тайлор, Ю.В. Ионованын изилдөөлөрү, кыргыз фольклористтери А. Мурзакметов, Г.Т. Жамгырчиеванын изилдөөлөрүнө саресеп салынып, эпостун өзүнө да көбүрөөк көңүл бөлүнгөн. Адамзаттын жашоосунда оозеки чыгармачылыктын канчалык деңгээлде орду болбосун, «Аалам дарагы - Ыйык дарактын» орду терен экендигин талдоолордон көрүүгө болот.*

***Негизги сөздөр:*** *Эр Төштүк, Чук-Терек, алп кара куш, желмогуз кемпир, мифологиялык модел, ыйык дарак, ажыдаар.*

*В статье анализируется роль Чук-Терека в эпосе «Эр Тоштук» как «Древо Вселенной» в развитии сюжета. «Древо Вселенной» как объект из мирового фольклора, который широко используется в кыргызском фольклоре, включая анализ Чук-Терека в эпосе «Эр Тоштук» как «Священное дерево». Показать величие места и роль Чук-Терека как «Священного дерева». В эпосе сделана попытка сопоставить интерпретацию Чук-Терекской трактовки Эламана бесплодия как «Священного дерева» с исследованием ученого А. Мурзакметова. Также мировые ученые Е.Б. Тейлор, Ю.В. Ионовой, киргизских фольклористов А. Мурзакметов, Г.Т. Жамгырчиевой были рецензированы исследования и больше внимания было уделено самой эпопее. Анализ показывает, что «Древо Вселенной - Священное Древо» занимает глубокое место в жизни человечества независимо от уровня устного творчества.*

***Ключевые слова:*** *Эр Төштүк, Чук-Терек, гигантская черная птица, баба яга, мифологический модель, свяшенное дерево, дракон.*

*The article analyzes the role of Chuk-Terek in the epic «Er Toshtuk» as the «Tree of the Universe» in the development of the plot. The «Tree of the Universe» as an object from world folklore, which is widely used in Kyrgyz folklore, including the analysis of Chuk-Terek in the epic «Er Toshtuk» as a «sacred tree». to show the greatness of the place and the role of Chuk-Terek as a «sacred tree".*

*In the epic, an attempt is made to compare the interpretation of the Chuk-Terek interpretation of Elaman's infertility as a «sacred tree» with the research of the scientist A. Murzakmetov. Also world scientists E.B. Taylor, Yu.V. Ionova, Kyrgyz folklorists A.Murzakmetov, G.T. Zhamgyrchieva's studies were reviewed, and more attention was paid to the epic itself. The analysis shows that the «Tree of the Universe - Sacred Tree» occupies a deep place in the life of mankind, regardless of the level of oral creativity.*

***Key words:*** *Plane tree, Chukterek, giant blac bird, monster oid woman, mythological model, dracon.*

**Киришүү.** Кыргыз элинин руханий баалуулуктарынан болгон эпостордо баатырдык жомоктордо кездешкен «Ыйык дарак» образынын дүйнө караштык маанисин тарыхый-фольклордук жөндөө, талдоо жана баа берүү зарылчылыгы, изилдөөгө алынган теманын актуалдуулугун аныктап турат. Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгында көптөгөн негизги орчундуу темалар изилдөөгө алынып келет. Ал эми мен изилдөө үчүн алган тема «Ыйык дарак» бул эпикалык чыгармалардагы экинчи планда турган көмүскө каарман катары берилсе да, «Ыйык дарактын» эпикалык чыгарманын сюжет өнүгүшүнө тийгизген таасири, орду, ролу чоң экенин ачып берүү – изилдөөнүн негизги максаттарынын бири.

**Изилдөөнүн материалдары жана методдору.** Изилдөөнүн негизги объектисин «Эр Төштүк» эпосу түзөт. Биз ушул материалдарга изилдөө объектиси катары таянуу менен өз изилдөөлөрүбүздүн максатын жана милдеттерин жүзөгө ашырабыз. Ошондой эле кыргыз эпосторун изилдеген көрүнүктүү окумуштуулардын маанилүү илимий-теориялык эмгектерин да илимий булак атары пайдаланып, ыңгайына жараша изилдөө объектисине киргизебиз. Макаланын теориялык жана методологиялык негиздерин ачууда изилдөөнү салыштырма-типологиялык, салыштырма-тарыхый, сыпаттама методдору колдонулду. Ал эми методология колдонмо мааниде изденүүчү иликтөөсүнүн алкагында таяна турган изилдөө ишмердүүлүгүнүн

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



принциптеринин жана ыкмаларынын системасы экендиги белгилүү.

Эң биринчи аалам жаралып, анан жер, суу пайда болгон дешет. Демек, биздин ар бир көз ирмемибиз, ойлорубуз, кылган иш-аракеттерибиз аалам менен тыгыз байланышып тургандай...

Мына ошол аалам, дүйнө элдеринин элдик оозеки чыгармачылыгында да кенири кездешүүчү «Аалам дарагы» болуп жүрбөсүн. Элдик оозеки чыгармачылыкта «Аалам дарагы - Ыйык Дарак» жашоо башаты, манызы катары берилип келет.

**«Ыйык Дарак - Дерево жизни** (*древо жизни*, эски славян жана байыркы орус тилинен которгондо жашоо дарагы, бейиш дарагы) англ. *Tree of life*) – көпчүлүк элдеги маданияттагы мифологиялык образ. Славян элдик салтында варианты тынчтык дарагы (мирового древа). Китепте жана фольклордо – мотив бейиштин ортосундагы жашоо дарагынын (Быт. 2:9). Жашоо дарагынын концепциясы религияда, философияда жана мифологияда пайдаланылган. «Жашоо дарагы» термини «Ыйык дарак» синоними катарында пайдаланууга болот.

«Ыйык дарактын» образы негизинен дүйнөлүк оозеки чыгармачылыкта кенири кездешүүчү образдардын бири. Ар бир оозеки чыгармачылыкта «Ыйык дарак» образына аяр мамиле кылуу менен сүрөттөп келишет. Жыл өткөн сайын бул темага көңүл буруу менен изилдөө иштери көбөйүп бараткандай.

Тарыхый-этнографиялык адабияттарда кыргыз эли жөнүндө табият культунун ар түрдүүлүгүн көрсөтүп берүүдө илимий изилдөөлөр аз санда болсо да кездешүүчү көрүнүш. Бирок табият культунда дарактар ыйык дарак катары саноо, табынуу дээрлик каралган эмес. Кылым карыткан кыргыз элинин тарыхынан бакка-шакка, чөп-чарга этият, абайлап мамиле кылуу көчмөн элибизге таандык экени билгилүү. Илимий изилдөөчү Абдымиталип Мурзакметов айткандай: «Колдо болгон илимий булактарга жана өзүбүз жыйнаган талаа материалдарына таянуу менен биз өткөн доорлордо кыргыздарда дарактардын культу болгондугун болжолдой алабыз Анын үстүнө кыргыздардын көөнө диний ишенимдеринде табият күчтөрүнө сыйынуу үстөмдүүлүк кылары да муну бекемдеп турат»/ [Абдымиталип Мурзакметов Кыргыздардын дарактарга байланышкан ишенимдери] деп айтып кеткендей элибиз дарак ишенимине көп көңүл бурушкан.

Эр Төштүк» эпосунда да «Ыйык даракка» болгон ишеним баса белгиленип берилип,

Кемпири чалын жетелеп,
Баабединдин мазарда,
Чук-Теректин түбүндө,
Аккан булак боюна,
Абышка кармап, берки ыйлап,
Кудайга үнү угулду.
Чук-Теректин түбүнө
Абышка менен кемпири
Жер кучактап жыгылды.
Кемпир чалын кучактап,
Кейип ыйлап турганда,
Кайың ыйлайт, тал ыйлайт,
Карып болгон экөөнө
Кара жердин үстүндө
Караргандын бары ыйлайт [С.К. Эл адабияты 1996].

Эламан уулдарын жоготуп, кайгы тартып жүргөндө кемпири кайгырып, урушуп, кудайга сыйынуу менен бала тиленели деп көндүрөт да, Эламан жер кыдырып, ыйык жерлерди кыдырат. Баабединдин мазарына барып сыйынып, Чук-Теректин түбүндө эс алып жатып, түш көрөт, мында мазарга сыйынуу менен кудайдан перзент тилешкен, мындай көрүнүш азыркы мезгилде өз күчүн жогото элек, балалуу боло албаган үй бүлөлөр тилек кылып, кудайдан тиленишип, ыйык жерлерге, дарактарга сыйынышат, Мисалы Ошто Сулайман Тоодо бала тиленген таш бар, Арсланбаптын шаркыратмасынын жанында дарактарга чүпүрөк байлашат, тилек кылып. Ушул сыяктуу майда ырым-жырымдар убакыт, жыл, кылым өтсө да эл ичинде сакталып, ишеним дагы да күчүн жоготпогон.

Ал эми Э.Б. Тайлор: «Адамзаттын акыл-оюнун өнүгүшүнүн учурунда, даракты аң-сезимдүү зат катары сезип, ага урмат көрсөтүп, тартуу энчилеген кезинде бул байланыш өзгөчө даана көрүнөт. Мындай дарак адам сыяктуу, аны менен ажырагыс байланышкан өмүрү менен жаны бар сыяктуу каралабы же фетиш, дарак дене катары гана кызмат көрсөткөн рухтун сыйынты элеби, көп учурларда муну ажыратуу кыйынга турат. Бирок мындай так эместик заттын жаны бардыгы жана духтун жай алып алышы тууралуу түшүнүктүн ошол эле анимисттик идеянын өзгөртүлүшүнүн дагы бир далили болуп саналат» [Э.Б. Тайлор] деп көрсөткөндөй «Ыйык дарактын» өзгөчөлүгүн бөлүп кароого болот.

Оң кол жагын караса,
Турган экен капка таш,
Капка ташка токтоду,
Капа болуп ошондо
Качанкы дартын козгоду.
Туура жагы Чук-Терек,
Артык мазар жаныбар
Эр адамга бек керек.
«Кеңсиреген кең өзөн,
Менин жерим, болсочу!

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Кең өзөндү ээлеген,
Конуп жаткан бул жерде
Кыпчак эми болсочу! [С.К. Эл адабияты, 1996].

Деп Эр Төштүк агаларын издеп чыгып, жер кезип жүрүп, көңүлү бурулуп ой жооруп, айтып кетет, мына ошол жерде перинин кызы Айсалкын Эр Төштүктүн атагын алыстан угуп, ашык болуп, күтүп жүргөн мезгили болот.

«Ай талаадан жолугуп,
Бир сүйлөшүп кайтсам, - деп,
Эч болбосо курган жан
Бир жети күн Төштүккө
Бир ойношуп жатсам», - деп,
Күйүп жүргөн кези экен.
Алты айчылык болорду
Азыр биле берүүчү
Керемети бар экен.
Чук-Теректин боюна
Жаңы Төштүк келгенде.
Тигилген ордо көрүнөт. [С.К. Эл адабияты, 1996]

Мына ошол жерден Пери кыз Айсалкын Эр Төштүктү күтүп алуу Чук-Терекке байланышкан.

Чук-Терек – Ыйык Дарак катары кайгыга чөккөн абышка кемпирдин кайгы-муңун угуп, алардын азабына чыдабастан кереметтүү жардам көрсөткөндөй. Мына ушул Чук-Теректин жардамы, колдоосу менен Эламан кемпири менен сыйынып, баатыр уулдуу болушат, ошол менен эле токтоп калбастан, Баатыр уул Эр Төштүктун тагдыры Чук-Терекке байланып калгандай. Эр жеткен Төштүккө биринчи тагдыр сыноосу пери кыздын жолугуусу да Чук-Теректин түбүндө болот. Өз керемети менен Чук-Терек баатырдын төрөлүшүнө себеп болуп гана калбастан, баатырдын тагдырына таасир бергендей...

Бул боюнча изилдөөчү Жамгырчиева Г.Т. өз эмгегинде: Архаикалуу эпостордогу үч кабат дүйнө түзүлүшүнүн берилиши космоногониялык мифтик таанымга негизделген. Тектеш элдердин эпосторундагындай эле үч кабат дүйнөнүн башкача айтканда, жер асты менен жер үстү, Көк тенир дүйнөлөрүн бириктирип турган тирөөчү катары «Манастагы» – Байтерек, «Эр Төштүктөгү» – Чуктерек, «Көкүлдөгү» – Чынар терек берилет. Бул дүйнөлук мифологияда бирдей кездешкен Ыйык дарак тууралуу мифтин аталган эпосто учурашы бардык элдерде орток кездешкен, жогоруда аталган үч дүйнөнүн бириктирүүчү мифологиялык модели болуп саналат» - деп белгилеп кеткен. Эпостук маалыматтан улам бир кездерде кыргыздар бай теректи же чынар теректи ыйык деп санагандыгын билебиз [Жамгырчиева Г.Т. Кыргыз эпосторундагы архаикалык мотивдер (“Манас», «Эр Төштүк», «Кожожаш» эпостору боюнча) Б., 2017].

Барып туруп караса,
Сөйкө аманын кааласа,
Чынар терек, Чук-Терек,
Касиеттүү теректи
Ал Күлайым билиптир,
«Кантсе Төштүк келет» - деп,
Ал теректин бооруна
Сөйкөнү илип жүрүптүр.
Көрсө көңул бөлүнөт,
Ат башындай ак сөйкө
Сырттан эрге көрүнөт [С.К. Эл адабияты, 1996].

Чук-Терек дагы бир жолу баатырга тагдыр сыноосун бергени ушул саптардан көрүнүп турат. Дагы бир жолу сулуу периге жолуктуруу менен баатырдык касиетин сынап, кынаптап, эр жүрөк көкүрөгүн бекемдеп, чыңдап аткандай. Эр Төштүктү Чук-Терек «**укмуштуу окуяларга**» үндөп аткандай, баатыр ага ишенүү менен коркпой, тайманбай кадам таштайт. Баатырлык иштерин көрсөтөт. Баатыр өзүн Чук-Терек өз коргоосуна алганына ишенүү менен тагдырына тике карап, ишенүү менен каршылаштары, карапайым-калк, эл душмандары менен күрөшкөндөй. Ошол себептен экинчи жолку Көкдөөнүн кызы Күлайым менен болгон жолугушуусун бешенеге жазылган тагдыр катары кабыл алуу менен өз тагдыры, бактысы, келечеги, элдин тынчтыгы үчүн кашык канын аябай күрөшкөн. Бул да болсо адамдардын кереметке болгон ишенимин далилдеп турат.

Ионова Ю.В. илимий эмгегинде: «Эр Төштүк» эпосунда жер астындагы дүйнөдө тамыры жердин жети катмарына кирип, төбөсү көк тиреген мунардай терек сүрөттөлөт. Мифологияда бул дүйнө дарагы, дүйнөлүк дарак деген аталыш менен белгилүү. «Дүйнө дарагынын образы шаманизмде алгачкы космостук түшүнүктөрдү чагылдырып, дарактын учу, сөңгөгү жана тамыры жогорку (асман), ортоңку (жер) жана төмөнкү (жер алды) дүйнөлөргө дал келүү менен ааламдын символдук элесин берген» - деп далилдөөгө аракет жасайт [Ионова Ю.В О культе деревьев в Корее// Мифы, культы, обряды народов зарубежной Азии - М.: Наука, 1986].

Ал эми окумуштуу Галиев А.А. өз изилдөөсүндө: «Дүйнө дарагы кыргыз фольклорунда даана байкалып турат. Бул образ казак фольклору үчүн да мүнөздүү, анда да жер алдына түшкөн баатыр учу көк тиреген даракка оролуп, эки баштуу Самрук куштун балапандарын жегени сойлоп чыгып бараткан ажыдааларды өлтүрүп, куштун жардамы менен жер бетине кайтат”- деп кайрылып кеткени бар [Галиев А.А. Традиционное мировоззрение казахов. – Алматы: Фонд Евразии, 1997]. Изилдөөчү Табышалиева А. Эмгегинде: Адамзаттын көөнө түшүнүктөрү менен ырым-жырымдарынын

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



калдыгын (Тайлор аларды «жандуу күбөлүктөр», «өткөндүн эстеликтери» деп таамай атаган) азыркы кезде да жолуктурууга болот. Мисалы, түштүк Түркмөнстанда, Өзбекстанда, Тажикстанда чынар теректерди өзгөчө кастарлашат. Түркмөндөр анын куураган бутагын отко жаккандан да коркушат» - деп «Ыйык дарактын» эн назик жерлерин белгилөө менен Орто Азия элдеринин ишенимине кайрылып өткөн [Табышалиева А. Вера в Туркестане (Очерк истории религий Средней Азии и Казахстана) - Б.: Коммерческо-издательская фирма «АЗ-МАК», 1993].

Ыйык дарак – дүйнөнүн тынчтыгын кармап туруучу, коргоп туруучу ыйыктык, баалуу дарак. Инсан болуп жарык дүйнөгө келгени адамзат жакшылыктан үмүт кылуу менен келечектен үмүт үзбөй жашап келгенине элдик эпостордо берилген «Ыйык дарак» образынын орду чон экендиги баса белгиленгендей. Бул багытта илимий изилдөөлөр өтө аз экендиги илимий ишибиздин актуалдуулугун аныктап турат. Ал эми биз изилдөө объектиси катары карап жаткан «Манас» эпосундагы Байтерек, «Эр Төштүк» эпосундагы Чук терек, «Карач-Көкүл баянындагы» Чынар терек, ошондой эле жалпы кыргыз фольклорундагы «Ыйык дарак» образы бүгүнкү күнгө чейин алгылыктуу изилдөөгө алынган эмес. Кээ бир изилдөөлөрдө «Ыйык дарак» образы чагылдырылып кетүү менен кайрылуу жасашкан. Изилдөөнүн актуалдуулугу аталган маселенин кыргыз оозеки чыгармачылыгында жетишсиз изилденгендиги жана кыргыз эпосторундагы «Ыйык дарак» образынын, анын мифологиялык багыттарын жаныча аңдап түшүнүү зарылчылыгы менен аныкталат.

**Адабияттар:**


1. Жапарали Адашканович Осмонкулов  Эр Төштүк, 2016.
2. Эл адабияты  «Эр Төштүк»,  2015.
3. Каратаев О., Эралиев С. Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк. – Бишкек: «Бийиктик», 2005.
4. Мурзакметов А. Кыргыз ырым-жырымдары. – Ош, 2005.
5. Кыргыздардын дарактарга байланышкан ишенимдер (Макала).
8. Жамгырчиева Г.Т.  Кыргыз эпосторундагы архаикалык мотивдер («Манас», «Эр Төштүк», «Кожожаш» эпостору боюнча). - Б., 2017.
6. Тайлор Э.Б. «Первобытная культура», серия «Бибилотека атеистической литературы». - М.: Изд. политической литературы, 1989.
7. OCR Busya, 2009.
9. Ионова Ю.В О культе деревьев в Корее. / Мифы, культы, обряды народов зарубежной Азии - М.: Наука, 1986.
10. Галиев А.А. Традиционное мировоззрение казахов. - Алматы: Фонд Евразии, 1997.
11. Табышалиева А. Вера в Туркестане(Очерк истории религий Средней Азии и Казахстана) - Б.: Коммерческо-издательская фирма «АЗ-МАК», 1993.
12. Исаева А.К. Трансляции малых эпосов «Кожожаш», «Эр-Тоштук», «Жаныл Мырза”. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2008. №. 5-6. - С. 280-284.